# «ЖАШ МАНАСЧЫ» сынагы



Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №259 «Кыргыз Республикасында «Манас» эпосунун күнүн белгилөө жөнүндө» токтомун ишке ашыруу максатында «ЖАШ МАНАСЧЫ» сынагын Бишкек шаарындагы Е.Б. Якирдин физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде 2021-жылдын 3-декабрында 1-7-класстын окуучуларынын арасында өткөрүлдү.

**Сынактын максаты:**

- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» жана «Манас» эпосу жөнүндө» мыйзамдарын ишке ашыруу;
  - Мамлекеттик тилдин кадыр-баркын көтөрүү;
  - «Манас» эпосунун училтигин сактоо, өнүктүрүү жана даңазалоо;
  - Манасчылык өнөрдү жайылтуу жана мындан ары өнүктүрүү;
  - Манасчылык өнөрдү алып жүргөн жаш муундарды жалпы мектепке тааныштыруу;
  - Жаш муундардын идеялык-тарбиялык жана тарыхый-маданий мүнөздөгү иш чараларга тартуу;
  - Таланттуу окуучуларга өз жөндөмдөрүн көрсөтүүгө шарт түзүү;
  - «Манас» эпосунан үзүндү айтууда көркөм аткаруу чеберчилигине баа берүү.

1-7-класстар боюнча сынакка эң мыкты жаш манасчылар тандалып 9 окуучу катышты. Сынак лицейдин планы жана жобосу боюнча кыргыз тили мугалимдери өткөрүштү. Сынактын калыстар тобун жогорку класстын мугалимдери жетектеди. Калыстар тобунун мүчөлөрү: Мураталиева Н.А, Рыскельдиева Н.А жана Туюкбаева А.Т. катышкан окуучулардын эпостон үзүндүнү көркөм аткаруу чеберчилигине карап баалашты.



**1-орун - Жакшылыков Жоодар,** 7-Г класстын окуучусу ээледи, даярдаган мугалими Бадачиева В.С.
**2-орун – Исмаилов Амир,** 7-В класстын окуучусу, даярдаган мугалими Атайбек кызы Алтынай
**3-орун - Кадырбек Эмирхан,** 3-А класстын окуучусу, даярдаган мугалими Турсуналиева Д.Т.




Мыкты жаш манасчылар мектептин грамотасы менен салтанаттуу кечеде сыйланышат жана райондук сынактарга катышууга жолдомо алышат. Кийинки окуу жылында мындан көп өнөрлүү балдар катышат деп үмүттөнөбүз.




Табигат менен
таттуу мамиледе
болуу


Улуттук ар-намыс
жана атуулдук
ар-намыс